# ЖАШ ЖУБАЙЛАРГА

Аппак жоолук ак жүзүнө жарашып,
Арзып тапкан жубайына жанашып.
Келин кирди ак көшөгө ичине,
Көргөн жанды суктандырып каратып.

Кайырма:
Кут konуптур эки жаш кол кармашып,
Жуп болуптур ыйык сезим арнашып.
Куттуу болсун апаң салган ак жоолук,
Жашагыла ак батаны талашып.

Жарык болсун аттап кирген эшигиң,
Жылуу болсун ата-энеге сезимиң.
Жыл айланбай этегиңден жалгасын,
Жыттуу болсун сен терметчү бешигиң.

Ата-эненин батасынан көгөрүп,
Жашагыла бак-таалайга бөлөнүп.
Актагыла ата-эненин тилегин,
Ак никеден балдарыңар төрөлүп.